**Педагогикалык,экономикалык жана техникалык колледж "Нур" 050303 Англис тили программасынын №3 протоколу**

03.09.2021-жыл Жалал-Абад шаары

Катышуучулардын саны:24
Катышты:15
Катышкан жок:9

Отурумдун башталышы: 14:00
Отурумдун бүтүшү: 16:00

Күн тартибиндеги маселелер:

1. 050303 Англис тили программасынын боюнча адистерди даярдоодогу негизги өзгөчөлүктөр.
2. Адистиктин Билим берүү стандарты.
3. НКББП сунуштоо ( максаттар, окутуунун натыйжалары).
4. Ар түрдүү

Катышуучулар:

1. Батыралиева Чынара Джалиловна №54 Палванов Осо атындагы орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы.
2. Суюнбаева Атыргул Сапарбаевна №40 М. Камбаров атындагы орто мектебинин англис тили предметинин мугалими.
3. Курбанова Зарина Турсунакунова Аннур -Эдукаре окуу борборунун директору.
4. Анапияева Бактыгуль №9 Раатбек Санатбаев атындагы англис тили предметинин окутуучусу.

Регламенти 1-маселе үчүн 30 мүнөт, 2-маселе үчүн 30 мүнөт, 3-маселе үчүн 30 мүнөт.4-маселе үчүн 30 мүнөт.

Иш берүүчлөр менен жолугушууда сөздү колледждин 050303 Англис тили программасынын жетекчиси Б.Д.Батыралиева сөз сүйлөп, 050303 Англис тили программасынын боюнча адистер азыркы убакта мамлекетибизде тансык экендиги баарыбызга белгилүү. Себеби замандын талабы чет тилдери экендиги баарыбызга белгилүү. Ошондой болсо да бул адистикке кызыгып иштегендер жетишсиз, ошого карабастан бул адистикке окууга тапшыруучулар аз,мына ушул маселелерди чечүүгө сиздер, иш берүүчүлөр катары кандай ой пикирлериңиз бар. Демекчимин биздин окуу жайда акыркы эки жылда абитуриенттер аз санда келүүдө.

Катышуучулардан Батыралиева Чинара сөз сүйлөп,биз иш берүүчүлөр ушул адистикке абитуриенттерди үндөөгө аракет кылалы, андан сырткары сиздер ушул адистикке даярдап жатканда аларды адистик дисциплиналардын практикалык сабактарын атайын өндүрүштүк базаларга барып өтүүнү камсыздасаңыздар жакшы болот деп өз оюн айтты, жана теорялык билимдерин практикага чыгууда колдоно билсе келечек кесибине жакшы жардам болот.

Жарыш сөзгө чыгуучулардан болуп Суюнбаева Атыргуль эжеке өз оюн айтып өттү. Орто кесипкке ээ болгон бүтүрүүчүлөр билимин жогорулаттуу үчүн жогорку окуу жайларга тапшырууда.Себеби жогорку билимдүү адисттер азыркы мезгилдин талабы.

Англис тилине байланыштуу студенттерди кызыктырып билимин жогорулатуучу сабактарын көбөйтүп берсеңиздер жакшы жыйынтык чыкмак.

Андан кийин Курбанова Зарина сөз сүйлөп, азыркы күндүн талабы дипломдуу адистер жетишпейт,ошондуктан адистиктин актуалдуулугун жогорулатуу менен абитуриенттерге жеткизсеңиздер деп деп суранат элем. Андан сырткары аларга Кесипке киришүү деген сабакты 9 базанын окуу планына киргизүүнү сунуштайт элем, себеби адистер биринчи курстта өзүнүн адистиги менен тааныш болушса жакшы боло эле деп ойлойм.

Жалпы катышуучулар бул маселелерди колдошорун билдиришти.

2-3- маселе боюнча Батыралиева. Б сиздердин билдирген ой пикириңиздер биз үчүн абдан баалуу, буларды биз окуу планды түзүп жатканда эске алабыз, азыр мен сиздерди НКББПнын структурасы менен тааныштырып кетейин да андан ары жумушчу программага сиздердин пикирди эске алуу менен, түзүүгө аракет кылабыз деп, өз сөзүн улап, аларга НКББПнын максаттарын, окутуунун натыйжаларын түшүндүрдү.Ошондой эле адистиктин окуу планы жөнүндө сиздерге айта кетсем, негизи сиздер айтып жаткан дисциплиналар бардыгы окуу планда бар, эң негизгиси биз бул дисциплиналарды окутуп жатканда анын теориясы менен практика жүзүндө кантип иштөө керек деген методикасын жакшылап колго алууну уюштуруубуз керек экенедигин билдик, биз муну сөзсүз эске алабыз деп билдирди.

Жыйынтыктап айтканда адистиктин иш берүүчүлөр аркылуу кайсы маселеси актуалдуу экендигин билдик, сиздердин ой-пикирлер биз үчүн абдан баалуу жана аны биз рыноктук шартта өнүктүрүүнү (колледждин миссиясынын негизде) сөзсүз колго алабыз деп 2-3- маселени жыйынтыктады.
4. Ар түрдүү-маселелер боюнча иш берүүчүлөрдөн Анапияева Бактыгуль эжеке  сөз сүйлөп;- биз сиздердин колледж менен дайыма кызматташууга даярбыз, ошону менен катар тажрыйбаларыбыз менен бөлүшүп, иш алып барганга да макулбуз.Усулдук жагынан практиканттарды кабыл алып, сиздер менен жакшы адистерди бирге даярдоого көмөктөшүүгө макулбуз.Бизди чакырып ой пикирибизди сурап билгендигиңиздер үчүн чон рахмат.
Жалпы катышуучулар бизди чакырып өз ишмердүүлүктөрүңүздөрдү көрсөтүп жана биздин кандай адистерге муктаж экендигибизди сурап, аны кандай жол менен чечүүгө боло тургандыгын белгилеп, биргелешип иштөөгө чакырып жаткандыныз үчүн чон рахмат, сиздер менен кызматташууга даярбыз деп сөзүн аяктады.
Программа жетекчи  биздин чакыруубузга келип, баалуу пикириниздерди билдирип, кызматташууга макул экениниздерди билдиргендигиниздер үчүн ыраазымын.

Чогулуштун төрайымы: Батыралиева Б
Катчысы: Нуркулов Э.
03.09.2021-жыл